**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №1**

**Өтүлгөн күнү:** 29.08.18

**Күн тартиби:**

1.УБинин 2017-2018 – окуу жылынын жыйынтыгы

2. Календарлык – тематикалык пландаштырууну кароо.

3. 2017-2018 окуу жылына коюлган максаттар менен тааныштыруу.Сабактардын планын жаңы стандартка ылайык жазуу

4. Декаданын планын бекитүү

Катышкандар:

1. **Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары М.Б. Жолдошбекова 2017 -2018 - окуу жылында бардык класстарда окуу программасы КТПга ылайык аткарылганын белгиледи. Усулдук бирикменин жетекчиси Абакирова Р.О. өткөн окуу жылында пландаштырылган иш чаралар өткөрүлгөнүн айтты.**
2. **2017 – 2018 окуу жылына түзүлгөн иш план менен Жолдошбекова М.Б. тааныштырды ар бир мугалим сабактарды түзүлгөн календарлык планга карап өтүүсүн, класстык журналдардын өз убагында толтурулуп жана оңдоого жол берилбеши керектигин айтты.Календарлык- тематикалык планды10-сентябрга чейин түзүү керек,сабактардын планын түзүүдө окуучулардын канчалык деңгээлде түшүнгөнүн эске алуу менен сабактардын планын жаңы стандартка ылайык түзүү керектигин айтты . 23- сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата иш чараларды өткөрүү үчүн даярдыктарды көрүүнү сунуштады.**
3. **Сентябрь айынын онуна чейин ар бир мугалим предметтик цикл боюнча календарлык тематикалык планын биринчи жарым жылдыкка түзүп УБнин жетекчиси Абакировага өткөрсүн. Календарлык тематикалык планды түзүүдө кыргыз тил сабагы билим жана илим берүү министирлиги бекиткен программага ылайык түзүлсүн.**
   **4 Ар бир мугалим өз портфолиосун жаңыртсын**
   **5 2018-2019-окуу жылында декада 11-февралдан 23-февралга чейин өткөрүлсүн**

Чечими:

1. **2017 – 2018 окуу жылындагы УБнин аткарган иши канааттандырарлык.**
2. **Календарлык тематикалык план сентябрь айынын онуна чейин бекитилсин.**
3. **Мамлекеттик тил күнүнө карата айтылган иш чаралар аткарылсын.**
4. **Ар бир мугалим өз портфолиосун жаңыртсын.**
5. **Декада 10-21- февралда өткөрүлсүн**

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №2**

**Өтүлгөн күнү:** 10.09.18

**Күн тартиби:**

1.2018-2019- окуу жылына календардлык тематикалык планды бекитүү.

2. Алгачкы билим деңгээлин текшерүү. 10-11- класстар арасында дилбаяндар сынагына катышуу

3. 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүн өткөрүү үчүн иш чаралардын планын түзүү.

4. "Ата – Бейит" мемориалдык комплексине экскурсияга чыгуу.

5.Залкар жазуучу Чынгыз Айтматовдун 90 жылдык маарекесине карата аткарыла турган иш чараларды пландоо

6. Жаңы стандартка ылайык окуу планын кароо. 5-7-класстардын электрондук варианттагы окуу планы менен таанышуу

Катышкандар:

1.Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М. Б. календарлык тематикалык план окуу программасына ылайык түзүлүүсүн эскертти.УБинин жетекчиси Абакирова Р.О. ар бир мугалимдин иштеген класстары боюнча биринчи жарым жылдыкка календарлык планды түзүп .өтүлүүчү даталарды жазуусун өтүндү.

2. Бишкек шаарынын мэриясынын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамын ишке ашыруу максатында жана 23- сентябрь –Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күну майрамына карата Бишкек шаарынын жалпы билим берүү уюмдарынын окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 10-11- класстар арасында"Бишкек шаарыбызды кантип өнүктүрөбүз" деген темада дилбаяндар конкурсун өткөрөт. 10-11-класстарда иштеген мугалимдер Абакирова жана Тиленбаева кыргыз тил сабагында окуучуларга дилбаян жаздырышып, эң жакшы жазган окуучунун ишин конкурска жөнөтүшөт.

3 -4-5 Чыңгыз Айтматовдун 90- жылдыгына карата өткөрүлүүчү иш чара "Ааламга жол айылдан башталат" деп аталат. 6- класстарда "Менин кичи Мекеним" сүрөт конкурсу өткөрүлөт. "Тамыры болбой жер болбойт, тарыхы блббой эл болбойт" 9- класстар Ата Бейит Мемориалдык комплексине саякатка барышат." Өнөр алды –кызыл тил" көркөм окуу боюнча сынак 3-11- класстар арсында Ар бир мугалим бирден окуучуну көркөм окууга даярдайт. Мектепте өткөрүлгөн сынактын жеңүүчүсү райондук сынакка барат. 3-11 класстарда кыргыз тилинен алгачкы билим деңгээлин текшерүү болот.1- 11- класстарда Мамлекеттик тил күнүнө карата класстык сааттар өткөрүлөт. Чынгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча тартылган кинотасмаларды көрүү."Ч. Айтматов жана мен" 3-11- класстар арасында көркөм окуу жана сахналаштыруу өткөрүлөт. Чынгыз Айтматовдун үй музейине саякат. "Чыгыш чыгааны – Чынгыз" китептер көргөзмөсү.

6. Жаңы стандартка ылайык окуу планын кароо. 5-7-класстардын электрондук варианттагы окуу планы менен таанышуу. Бул класстарга сабак берген мугалимдер Тиленбаева Ж.Ж. Батырбекова А.А. Мусаева К.С. окуу пландагы өзгөрүүлөр жөнүндө айтып, жогоруда айтылган класстар китеби жок окуй тургандыгын айтып, сабактардын пландары жөнүндө айтышты.

**Чечими:**

**1.Ар бир мугалимдин календарлык планы бекитилсин.**

**2. Мугалимдер Абакирова жана Тиленбаева !0 –класстарда “Бишкек шаарын кантип өнүктүрөбүз” деген темада дилбаян жаздырышат.**

**3.Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына карата иш чаралар үч айдын алкагында өткөрүлсүн**

**4 . 5- 7- класстардагы кыргыэ тил сабагы жаңы стандарттык планга ылайык өткөрүлсүн**

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №3**

**Өтүлгөн күнү:** 10.10.18

**Күн тартиби:**

**1**.Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо ар түрдүү ыкмаларды колдонуу

2.Жазуу иштеринин аткарылышы.Мыкты окуган окуучулар менен жана жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу.

3.Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чараларды өткөрүүгө даярдык.

Катышкандар:

1. Начар окуган окуучулар менен жеңилдетилген тапшырмаларды берип, окуучулар менен жекече иштөөнү сунуштады. Ошол эле учурда мыкты окуган окуучулар менен кошумча көнүгүүлөрдү аткаруу менен алардын билимин өстүрүүгө аракет жасоо керектигин белгиледи.
2. 1-чейректе жазуу иштери планга ылайык аткарылсын.Ар бир окуучунун жат жазуу дептерлери болушу талап кылынат.
3. Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата 1– 11 – класстар "Менин сүйүктүү жазуучум Чынгыз Айтматов"аттуу сүрөт конкурсу жана Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан көркөм окуу,сахналаштыруу өткөрүлөт. Бул иш чараны өткөрүүгө УБинин бардык мүчөлөрү катышат.

Чечими:

1. Жазуу иштери плангша ылайык өткөрүлсүн
2. Ар бир окуучу менен жекече иштөөнү улантуу.
3. Чыңгыз Айматовдун туулган күнүнө карата иш чарага даярдануу жана өткөрүү

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №4**

**Өтүлгөн күнү:** 08.11.18.

**Күн тартиби:**

1.Биринчи чейректин жыйынтыгы

2.Окуучуларды кыргыз тили жана адабияты боюнча олимпиадага даярдоо.

3. Өз билимин өркүндөтүү боюнча педкеңешмеде доклад окуу.

1.Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары М.Б. Жолдошбекова биринчи чейректин жыйынтыгы жөнүндө айтып берди. Ар бир мугалим өз убагында отчет тапшырганын белгиледи. Текшерүүдө журналдардан кеткен каталарды айтып ,журналды толтурууда баалардын өз убагында коюлушун талап кылды.Биринчи чейректин жыйынтыгын эске алуу менен билим сапатын жогорулатууга аракеттенүү.Жетишпеген окуучулар менен кошумча сабак өтүү мененжкече иштөө керек.

2 Мыкты окуган окуучулар менен жекече иштөөнү улантып окуучуларды олимпиадага даярдоону сунуштады. 9-11-класстарда иштеген мугалимдер окуучулардын тизмесин түзүп ,алар менен кошумча иш алып баруу керек.

3 Биринчи чейректин жыйынтыгы боюнча өтүлүүчү педкеңешмеде кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинен мектептин темасына ылайык доклад окулат.

Чечими:

1. Чейректин жыйынтыгы боюнча отчеттор тапшырылсын.
2. Мектепте өтүлүүчү олимпиадага 9-11-класстарда иштеген мугалимдер Жолдошбекова М.Б. Абакирова Р.О. Тиленбаева Ж.Ж. окуучуларды даярдасын.
3. Биринчи чейректин жыйынтыгы боюнча өтүлүүчү мектептин педкеңешмесинде Жолдошбекова М.Б. доклад окуйт.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №5**

**Өтүлгөн күнү:** 03.12.18

**Күн тартиби: 1.** Окуучулардын жазуу жана сөздүк дептерлерин текшерүү

2. .1- жарым жылдыкта окуу программасынын аткарылышы жана жазуу иштеринин аткарылышы

3.Чыңгыз Айтматовдун 90-жылдыгына арналган иш чаранын жыйынтыгы

4."Манас" эпосуна арналган айлык өткөрүү

Биринчи суроо боюнча мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М. Б окуучулардын жазуу жана сөздүк дептерлеринин абалын тешерүү үчүн мугалимдер арасында өз ара текшерүү боло тургандыгын айтты. Абакирова Р.О 5-7 класстардын дептерлерин. Тиленбаева Ж.Ж. 3-4- класстардын дептерлерин , Батырбекова !0-11-класстардын дептерлерин, МусаеваК.С. 8- класстардын дептерлерин текшере тургандыгын айтты. Дептерлерди текшерүүдө алардын класстын санына ылайык дал келиши, жазуу эрежелеринин сакталышы, класста аткарылган жана үй ишине берилген көнүгүүлөрдүн берилиши, дептерлердин сырткы көрүнүшү каралат.

Экинчи суроо боюнча УБнин жетекчиси Абакирова Р. О 3-11 класстарда жазуу иштери окуу планына ылайык өткөрүлөрүн айтты. Чейректик жат жазуулар өз убагында жазылып мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбековага М.Б тапшырылат.

Чыңгыз Айтматовдун 90-жылдыгына арналган иш чаранын жыйынтыгы чыгарылды .1 . 1-11-класстар арасында "Менин сүйүктүү жазуучум" деген темада сүрөт конкурсу өтөрүлдү. 2. Бардык класстарда класстык сааттар өткөрүлдү. 3.Ар бир мугалим Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча сахналаштыруу өткөрдү. 4. Мектеп жамаатынын ичинде Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча сахналаштыруу өткөрүлдү. Ар бир усулдук бирикме бирден чыгарманы алышып үзүндү аткарышты .5. 5-11- класстардын окуучулары адабият сабагында Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча тартылган кинотасмаларды көрүштү. 6. 9-11- класстын окуучулары "Жамийла" повестинен үзүндүнү сахналаштырып коюшуп, райондук конкурска катышып райондо үчүнчү орунга ээ болушту.

"Манас" эпосуна арналган айлык өткөрүлөт.. Мектеп ичинде 1-11- класстарда класстык сааттар өткөрүлөт. .Мектептин китепканасында китеп көргөзмөсү уюштурулат. 5-11-класстар аралык " Манас" эпосунуан үзүндү айтышты.1-4- класстар аралык сүрөт конкурсу өткөрүлөт.Бул иш чаралады өткөрүүдө класс жетечилер да катышат.

Чечими:

1.Окуучулардын жазуу депатерлери текшерилсин.

2.Биринчи жарым жылдыкта жазуу иштери планга ылайык аткарылсын

3.Ч.Айтматовдун 90- жылдыгына арналган иш пландар толук аткарылды деп эсептелинсин.

4."Манас" эпосуна арналган айлык планга ылайык өткөрүлсүн.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №6**

**Өтүлгөн күнү:** 08.01.18

**Күн тартиби :** 1. 2018-2019-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында окуу тарбия иштеринин анализи.

2. Өз билимин өркүндөтүү боюнча доклад окуу. Батырбекова А.А

3. Жаңы стандартка ылайык 5-7 - класстарда окуу программасынын аткарылышы.

2018-2019-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында окуу тарбия иштеринин анализин мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б окуду. Ар бир айда пландалган иш чаралар өтүлгөнүн белгилеп, ошол эле убакта кетирилген кемчиликтерди да айтты. Мисалы, ар бир өткөрүлгөн иш чаранын планы ошол күну окуу завучуна өткөрулүп берилиши керек эле. Мугалимдер аларды кечиктирип беришти. Окуучулардын жазуу дептерлерин текшрүүдө кетирилген кемчиликтердин үстүндө иштөөну улантуу керек. Жазуу эрежелеринин нормаларын туура сактоого көңул буруу керек.Ар бир мугалим биринчи жарым жылдыкта аткарган иштери жөнүндө отчет тапшыруусу керек. Экинчи жарым жылдыкка койгон пландардын үстүндө иштөө керек. Класстан тышкаркы иштер планга ылайык өткөрүлдү. Алар: Алгачкы билим деңгээлин текшерүү. 10-11- класстар арасында дилбаяндар сынагына катышуу .23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүн өткөрүү үчүн иш чаралардын планын түзүү. "Ата – Бейит" мемориалдык комплексине экскурсияга чыгуу.Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдык маарекесине карата аткарыла турган иш чараларды пландоо. Жаңы стандартка ылайык окуу планын кароо. 5-7-класстардын электрондук варианттагы окуу планы менен таанышуу. Окуучуларды кыргыз тили жана адабияты боюнча олимпиадага даярдоо. ."Манас" эпосуна арналган айлык өткөрүү.

Өз билимин өркүндөтүү боюнча "Дидактикалык оюндардын мааниси" деген темада Батырбекова А.А доклад окуду. Докладында дидактикалык оюндардын мааниси окуучуларды сабакка кызыктырууда чоң мааниге ээ экендигин белгилеп, жаш өзгөчөлүгүнө карап оюндардын ар түрдүү ыкмаларын колдонууга боло тургандыгын айтты.

Жаңы стандартка ылайык 5-7 - класстарда окуу программасынын аткарылгандыгын 5-7- класстарда сабак берген мугалимдер Тиленбаева Ж.Ж Мусаева К.С Батырбекова А.А. айтышты.

Чечими:.

1. 2018-2019-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында окуу тарбия иштеринин анализи канаатандырарлык деп табылсын

2.Дидактикалык оюндарды окуучулардын жаш өзгөчөлөгүнө карап уюштуруу.

3. Жаңы стандартка ылайык 5-7 - класстарда окуу программасы аткарылсын.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №7**

**Өтүлгөн күнү:** 02.02.19

**Күн тартиби:** 1. Эне тил күнүнө даярдык.Декаданы өткөрүү.

2".Ар улуттун башын кошкон Ала-Тоо" фестивалын өткөрүү

3 Сабактарга өз ара катышуунун жыйынтыгы.

Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б. Эне тил күнүнө арата радио берүү, класстан тышкаркы иш чараларды, ачык сабактарды өткөрүү керектигин айтты.21-февралда радио берүүнү 8в класс менен Жолдошбекова М.Б. даярдайт. Бул күнү мектепте бардык класстарда Эне тил күнүнө карата класстык сааттар өткөрүлөт .

8- класстар арасында "Ар улуттун башын кошкон Ала-Тоо" фестивалы өтөт. Фестивалды 8- класстын класс жетекчилери даярдайт. Ар бир класс берилген улуттардын каада-салты. Улуттук кийимдери. Улуттук тамак-аштары жөнүндө слайд даярдашат. Аны жакташат. Алардын улуттук ыр-бийлерин аткарышат.

Ар бир мугалим сабактарга катышууда өз ойлорун ортого салышты. Сабак өтүүдө жаңы ыкмаларды улантуу керектигин белгилешти.

Усулдук бирикме төмөндө берилген график боюнча ачык сабактарды беришет.

Кыргыз тил жана адабият усулдук бирикмесинин

2018-2019 - окуу жылында 20-февралдан 6- мартка чейин өтө турган декададагы ачык сабактардын графиги.

| № | Ф.И.О. | Класс | Өтүлө турган күнү | Сабактын ирээти | Тема |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Абакирова Р.О. | 9-Б | 01.03.2019 | 2-сабак | Жеңижок "Жалгыз тал менен сүйлөшүү" |
| 2 | Батырбекова А.А. | 7-В<br>1-А | 13.02.2019<br>04.03.2019 | 2-сабак<br>2-сабак | Сүйлөмдүн баяндоочу.<br>Менин досум. |
| 3 | Кенжебаева М.И. | 8-К | 25.02.2019 | 5-сабак | Токтогул Сатылганов |
| 4 | Калыбекова А. | 4-Б | 18.02.2019 | 1-сабак | Ынтымактуу балдар |
| 5 | Карабаева Г.Т. | 5-Б<br>6-А | 20.02.2019<br>05.03.2019 | 5-сабак<br>5-сабак | Спорт менен машыгабыз. Ким менен? Эмне менен?<br>Этиштин милдетин аткаруучу сөздөр. |
| 6 | Мусаева К.С. | 5-А | 01.03.2019 | 5-сабак | Табыш жөндөмөсү. |
| 7 | Тиленбаева Ж.Ж. | 5-А<br>9-А | 20.02.2019<br>26.02.2019 | 4-сабак<br>5-сабак | Баяндагыч этиштер.<br>Сырдык сөздөрдүн маанилери |

**Чечими**

1.Эне тил күнү жана декада планга ылайык өткөрүлсүн

2."Ар улуттун башын кошкон Ала-тоо" фестивалына 8-класстын окуучулары катышсын.

3. Мугалимдер арасында сабактарга өз ара катышуу улантылсын.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №8**

**Өтүлгөн күнү:** 02.03.18

Күн тартиби: 1.Мамлекеттик сынактын материалдары менен таанышуу.

2."Нооруз" майрамын өткөрүү.

3. 3- чейректин жыйынтыгы.

Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М, Б быйылкы окуу жылында кыргыз тилинен сынак тапшырууда өзгөрүүлөр болгонун айтты. 5-8,10- класстарда өтүлүүчү көчүрүү сынагынын материалдары билим берүү башкармалыгынан келе тургандыгын белгиледи. Ал эми бүтүрүүчү 9- класстар бул окуу жылында комплекстүү тест тапшырат, ал тест бир жарым сааттык убакытта болот.Тест окуу. түшүнүү. грамматикалык эрежелер, жазуу эрежелер боюнча суроолор боло тургандыгы менен тааныштырды.11-клаастар эки жарым саат жаза тургандыгын айтты. Аларда кошумча тапшырмасы менен жат жазуу болот . Демек, окуучулар менен тесттин бардык түрлөрүн аткаруу менен кошумча текст менен иштөө керектигин белгиледи.

5- март "Ак калпак" күнүнө карата ,КР мамлекеттик желегин кабыл алган күнүнө карата класстык сааттар өтүлөт."Нооруз" майрамына карата иш чараны жылда салтка айланган 3-класстын окуучулары,5- класстын окуучулары даярдашат. Иш чараны аталган класстардын класс жетекчилери даярдашат. Быйылкы "Нооруз" майрамында биздин мектепте жаңылык болсун 9-10- класстар менен "Сармерден" кыз жигиттер оюнун өткөрөлү.Бул иш чарага жоопту Карабаева Г.Т. жана Абакирова Р.О. жооптуу болушат.

3- чейректин жыйынтыгы боюнча отчеттор 22-24- мартта кабыл алынат.Бардык класстарда 3- чейректин жыйынтыгы боюнча класстык саатар өтүлөт.

Чечими:

1."Ак калпаккүнү", КР мамлекеттик желегин кабыл алган күнүнө, "Нооруз" майрамына карата аталган иш чаралр өткөрүлсүн.

2. 3- чейректин жыйынтыгы боюнча отчеттор өз убагында тапшырылсын.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №9**

**Өтүлгөн күнү:** 02.04.18

Күн тартиби: 1.Окуучуларды көчүрүү сынагына жана мамлекеттик сынакка даярдоо

.2.Алдын алуу сынакты өткөрүү жана анализи

3.. Сынак бурчун даярдоо.

Быйылкы окуу жылында сынактарды өткөрүү боюнча киргизилген жаңы планга ылайык окуучуларды сынакка даярдоо . Грамматикалык эрежелерди кайталоо менен тесстердин түрлөрүн аткаруу. Тексттерди которуу жана алар менен иштөө ыкмаларын жүргүзүү керектигин Жолдошбекова М.Б. белгиледи. Сынакка даярдоодо сабакта ар бир окуучунун ишин карап , жетишпеген окуу материалдарына көбүрөөк көңүл буруу менен жазуу иштеринин, тесттердин түрлөрүн өткөрүү.

Жалпы мектепте өтүлүүчү алдын алуу сынакты өткөрүү. Сынактын жыйынтыгы боюнча анализ жүргүзүү жана май айында кандай иштерди аткаруу керектигин кароо.

Ар бир кабинетте сынак бурчу даярдалсын. Сынак бурчун кабинет башчылары даярдайт. № 16- кабинетте сынак бурчун Жолдошбекова М.Б. № 11--кабинетте сынак бурчун Абакирова Р.О. №7- кабинетте сынак бурчун Батырбекова А.А №26кабинетте сынак бурчун Кенжебаева М.И. даярдайт

Чечими

1.Ар бир сабак берген мугалим өз класстарында сынакка окуучуларды даярдайт.

2. Алдын алуу сынактын анализин жүргүзүп, жыйынтыгын сабак берген мугалимдер чыгарышат, талкуулашат.

3. Сынак бурчун аталган кабинеттерде кабинет башчылары даярдашат.